DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Шерова А.К., Худайназарова Ф.И., Садыков М.Ш., Шерова Н.К.*

# ӨМҮРҮ ӨРНӨК ИНСАН

*Шерова А.К., Худайназарова Ф.И., Садыков М.Ш., Шерова Н.К.*

# ЖИЗНЬ ДОСТОЙНАЯ ПОДРАЖАНИЯ

*A. Sherova, F. Khudainazarova, M. Sadykov, N. Sherova*

# A LIFE WORTHY OF IMITATION

*УДК: 81.373*

*Учурдагы мамлекеттик деңгээлдеги оорчундуу маселелердин бири алыскы аймактарды өнүктүрүү жана чек араларды бекемдөө маселеси экендиги баарыбызга маалым. Бул макала дал ушул көйгөйдү 25 жыл мурда өзүнүн көрөгөчтүгү, иш билгилиги, көсөмдүгү менен Тажикстан мамлекетине жакын жайланышкан Сүлүктү шаарында Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтун ачып түптөө аркылуу иш жүзүнө ашырууга аракеттенген лексиколог-окумуштуу, филология илимдеринин кандидаты, доцент, БатМУнун профессору Абдималик Машрабовго арналмакчы. Абдималик Машрабов - мыкты илимпоз, көсөм реформатор – жетекчи, улуу устат жана адамдык касиети бийик инсан. Окумуштуунун басып өткөн жолун изилдөө аркылуу үлгү алып, жаш муундарды тарбиялоо – чоң сыймык. Ошол себептен агайдын ишмердүүлүгүн изилдөө максатын аркалоо менен бул изилдөөбүздө агайдын ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктарын аныктоону туура таптык.*

***Негизги сөздөр:*** *лексиколог, окумуштуу, көсөм, реформатор, жетекчи, тууганчылык, лексика,, ономасиологиялык, илик, синхрондук, салыштырма.*

*Все мы знаем, что одна из самых актуальных проблем на современном государственном уровне – это развитие отдаленных территорий, а также укрепление границ. Эта статья посвящается Абдималику Машрабову, профессору Баткенского государственного университета, ученому-лексикологу, кандидату филологических наук, доценту, который 25 лет назад пытался решить эту проблему, открыв Сулюктинский гуманитарно-экономический институт в городе Сулюкта, который находится недалеко от Таджикистана. Абдималик Машрабов – прекрасный ученый, дальновидный руководитель-реформатор, великий наставник и человек высоких личностных качеств. Воспитывать молодое поколение по примеру ученого и наставника – большая честь для нас. Поэтому, чтобы изучить деятельность кандидата филологических наук, доцента, профессора БатГУ А.Машрабова мы считаем нужным обозначить приоритеты деятельности наставника в данном исследовании.*

***Ключевые слова****: лексиколог, ученый, лидер, реформатор, лидер, родство, лексика, ономасиологический, исследовательский, синхронный, сравнительный.*

*We all know that one of the most actual problems at the modern state level is the development of remote territories, as well as the strengthening of borders. This article is dedicated to Abdimalik Mashrabov, professor of Batken State University, lexicologist, candidate of philological sciences, associate professor, who 20 years ago tried to solve this problem by opening the Sulukta humanitarian-economical Institute in the city of Sulukta, which is located near Tajikistan. Abdimalik Mashrabov is an excellent scientist, a far-sighted leader-reformer, a great mentor and a person of high personal qualities. It is a great honor for us to educate the younger generation following the example of a scientist and mentor. Therefore, in order to study the activities of the candidate of philological sciences, associate professor, professor of Batken state university A. Mashrabov, we consider it necessary to identify the priorities of the mentor's activities in this study.*

***Key words****: lexicologist, scholar, leader, reformer, leader, kinship, lexicon, onomasiological, research, synchronous, comparative.*

Учурдагы мамлекеттик деңгээлдеги оорчундуу маселелердин бири алыскы аймактарды өнүктүрүү жана чек араларды бекемдөө маселеси экендиги баарыбызга маалым. Бул макала дал ушул көйгөйдү 25 жыл мурда өзүнүн көрөгөчтүгү, иш билгилиги, көсөмдүгү менен Тажикстан мамлекетине жакын жайланышкан Сүлүктү шаарында Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтун ачып, түптөө аркылуу иш жүзүнө ашырууга аракеттенген лексиколог-окумуштуу, филология илимдеринин кандидаты, доцент, БатМУнун профессору Абдималик Машрабовго арналмакчы.

Илимпоз-лексиколог, филология илимдеринин кандидаты, доцент, БатМУнун профессору, чебер педагог, көсөм жетекчи-реформатор Абдималик Машрабов 1957-жылдын 15-февралында Ош облусунун (азыркы Баткен облусунун) Сүлүктү шаарында туулган.

Ал педагогикалык эмгек жолун Сүлүктү шаарындагы №3 орто мектебинин мугалими болуудан баштап, БатМУнун экономика жана финансы иштери боюнча проректору болууга чейин жетишкен. Агайдын өмүр таржымалына токтолсок:

- 1973-1977-жылдары - Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык училищанын студенти, артыкчылык дипломунун ээси;
- 1981-1985-жылдары - Ош мамлекеттик университетинин педагогикалык институтунун филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты адистигинин күндүзгү бөлүмүнүн студенти жана артыкчылык дипломунун ээси;

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



-1985-1987-жылдары Сүлүктү шаарындагы А.С. Макаренко атындагы №3 орто мектепте кыргыз тили жана адабияты мугалими;

- 1987-88-жылдары ушул эле мектепте директордун окуу иштери боюнча орун басары;

- 1988-1997-жылдардын аралыгында А.С.Макаренко атындагы №3 орто мектебинин директору;

- 1996-2000-жылдары Ош мамлекеттик университетинин Сүлүктү шаарындагы филиалынын директору;

- 2000-2005-жылдары Сүлүктү шаардык жана Баткен областык Кеңештеринин депутаты;

- Баткен облусу түзүлгөн соң, 2001-2016-жылдары БатМУнун Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институнун директору;

2016-жылдан 2021-жылга чейин Баткен мамлекеттик университетинин экономика жана финансы иштери боюнча проректору кызматтарын аркалаган.

Агайдын басып өткөн жолу, кийинки муундарга, келечек жаштарга өрнөк! Абдималик Машрабовдой улуу инсандардан үлгү алуу - чоң сыймык. Ошол себептен агайдын ишмердүүлүгүн изилдөө максатын аркалоо менен бул изилдөөбүздө агайдын ишмердүүлүгүндөгү артыкчылыктардын 4 баскычын белгилеп кетмекчибиз:

1) Абдималик Машрабов – мыкты илимпоз.

2) Абдималик Машрабов – көсөм реформатор-жетекчи.

3) Абдималик Машрабов – улуу устат.

4) Абдималик Машрабов – адамдык касиет-сапаты бийик инсан.

Абдималик Машрабовдун мыкты илимпоздугунун далили, агай 2000-жылы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп [1], 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясы тарабынан “Тил илими” адистиги боюнча доценттик илимий наамын алган.

Ал бир канча илимий монографиялардын, окуу-усулдук колдонмолордун, тарыхый-популярдык эмгектердин, 50дөн ашуун илимий, илимий-усулдук макалалардын автору.

А.Машрабовдун жетекчилиги астында 1 кандидаттык илимий иши корголуп, 2 кандидаттык иш коргоо астында турган болчу.

Агайдын мыкты илимпоз экендигин анын замандаштары ф.и.д., Абдивали Бердалиев, тарых илимдеринин доктору, профессор Хабибулло Холджураев, математика илимдерини доктору, профессор Миталип Тайиров, педагогика илимдеринин кандидаты Гапыр Мадеминов, 2007-жылдардагы Сүлүктү шаарынын мэри Абдукахар Маллаевич Ибрагимов, жана башкалар Абдималик Машрабов кыргыз тил илимине салым кошкондугу менен гана чектелбестен, жергиликтүү чөлкөмүбүздүн ичкилик кыргыздарынын лексикасынын, тарыхый археологиясынын, этнопедагогикасынын, адабияты менен маданиятынын илимий жактан изилденишине жан күйө көңүл бурган окумуштуу болгондугун жана “Кыргызстандын түштүк-батыш регионунун тарыхый-археологиялык, экономикалык-социологиялык, машиналардын механизмдерин далайга чейин иштетүү, филологиялык жана табият таануу аспектилериндеги актуалдуу маселелери“ деген жалпы багытта БатМУ СГЭИнин профессор-окутуучулар жамаатын чөлкөмдүн деңгээлиндеги илимий изилдөө ишине тартып, жетекчиликке алгандыгын баса белгилешет [2, 16-б., 111-112-бб.]. Албетте, окумуштуунун жамааттык илимий-изилдөө ишин өнүктүрүүгө болгон иш аракети бекер болгон жок. Муну биз СГЭИнин илимий изилдөө өрүшүнүн өсүүсүнөн көрө алабыз.

Ал эми белгилүү окумуштуу, профессор А. Жалилов Абдималик Машрабовдун илимий ишинин приоритеттүү багыттары болуп тил илиминин салыштырма лексикологиясы, тил илиминдеги субстантивация, конверция, жана сөз түркүмдөрүнүн деңгээлиндеги транпозиция процесстерин иликтеген бир топ ачылыштарды жасагандыгын жана улуттук тилдердин лексикалык катмарларынын бири болуп саналган тууганчылыкты билдирүүчү терминдерди (кыргыз, өзбек тилдеринин материалынын негизинде) кыргыз тил илиминде синхрондук-салыштырма аспектиде алгачкылардан болуп изилдегендигин айтат [2, 152-б.].

Чындыгында, жогоруда окумуштуу тарабынан белгилеген терминдер европалык жана башка түрк тилдерде М.Гухман “Доиндоевропейские термины родства в германских языках”, К.Мусаев “Термины родства в современных западно-кыпчакских тюркских языках” (1974), А.Покровская “Термины родства в тюркских языках” (1961), И. Исмоилов “Түркий тилларда кавм – кориндошлик терминлари” (1966) жана башка окумуштуулар тарабынан изилденип келген. А.Машрабовдун жогорудагы окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен анын изилдөө ыкмалары жана

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



методдору айырмалуу өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Тактап айтканда, А.Машрабовдун изилдөөсү азыркы түркологияда функционалдык лингвистикага мүнөздүү болгон лексикалык бирдиктерди ономасиологиялык аспектиде изилдөөгө алган жана бул изилдөө эки тилдик фактыларды салыштырууда лингвистикалык изилдөөлөрдө активдүү колдонулуп жүргөн системалык ыкма менен катар компоненттик талдоону натыйжалуу пайдалангандыгы менен баалуу. Мында компоненттик талдоо ыкмаларынын негизинде тууганчылыкты билдирүүчү терминдердин функционалдык-семантикалык микросистемасынын (ФСМ) түзүүчүлөрүнүн жалпы жана айырмалуу белгилери аныкталып, көрсөтүлөт. Аны менен катар тууганчылыкты билдирүүчү терминдер бир нече ФСМге ажыратылып, гетерономиялык, гиперономикалык, гипонимдик ж.б. байланыштарына талдоо жасалат да, алардын ортосундагы иерархиялык байланыштар аныкталып көрсөтүлөт. Демек, мындан А.Машрабовдун изилдөөлөрү кыргыз тил илиминде өзүнүн татыктуу ордун ээлей алган изилдөөлөрдөн болгондугун көрүүгө болот [1].

Абдималик Машрабов качан болбосун, убакытты максаттуу пайдалануу менен ар бир адам артынан из калтыра жашоосу абзел экендигин баса белгилөө менен жашоосунун принциби катарында тутунган.

Абдималик Машрабовдун көсөм жетекчилигин студенттик мезгилде тайпанын старостасы кезинен байкоого болот. Анын замандаштарынын эскерүүлөрүнө караганда ал өз бөлмөсүнөн чыкпастан жалаң окуу менен алектенип, өтө уюштуруучулугу, тыңдыгы, турмуштук тажрыйбасынын молдугу менен өзгөчөлөнгөн [2: 137-142].

1986-1996-жылдары Сүлүктү шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалаган Эл агартуунун мыктысы Убадат Сабурова өзүнүн эскерүүлөрүндө Абдималик Машрабов көптөгөн мектеп жетекчилеринин ичинен иш билгилиги, жетекчилик жөндөмү жагынан ар дайыма өзгөчөлөнүп, ал Сүлүктүдөгү А.С. Макаренко атындагы №3 орто мектебин жетектеген 10 жыл ичинде бул мектеп, окуу, окуу-усулдук, маданий-массалык, спорт көрсөткүчтөрү жагынан шаардын 9 мектебинин арасында 1-орунду эч кайсы мектепке бербей келгендигин жана ошол мезгилдеги мамлекеттеги билим берүү тармагында чоң реформалар болуп, окутуунун инновациялык усулдарын колдонууга чоң талап коюлуп, №3 орто мектебинде тереңдетилген предметтик класстар, алардын катарында 6 жаштан окутуу боюнча эң алгачкы эксперименталдык классы ачылып, эмгек жана кесиптик багыт берүү боюнча эмгек орундарын түзүүдө мыкты үлгү көрсөтө алгандыгын сыймыктануу менен белгилейт [1, 60-61-бб.].

Республиканын борборунан 1000 км, Оштон 400 км алыстыкта, мамлекетибиздин түштүк-батыш чөлкөмүндө жайланышкан Сүлүктү шаарында ОшМУнун филиалынын (окуу-консультативдик бөлүмүнүн) ачылышы чоң тарыхый бурулуш болду.

Жаңы ачылганда болгону 5 окутуучусу, жарды, кыйроого учураган имараты бар окуу жайды 100дөн ашык профессордук-окутуучулары, 8 окуу имараттары, бай китепканасы, маалымат-технологиялык борбору, интернет-кафе, ашкана, жатакана, тарых музейи, технопарк, көмөкчү чарбалары бар окуу жайга айландыргандыгы, өз мезгилинде, илимий өрүшү жокко эсе окуу жайдан, ОшМУ, ОшТУ, КУУ, КМТУ, БГУ, Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясы, о.э. коңшулаш Өзбекстандагы ФерПИ, ФерМУ, Таджикстандагы ХМУ, ХТУ ж.б. ири окуу жайлардан окумуштууларды тартуу аркылуу тажрыйба алмашып, акырындап жергиликтүү адистерден илимий даражалуу окумуштуулар менен окуу жайды камсыздоого жетишүүсү Абдималик Машрабовдун көсөм реформатор-жетекчи экендигин тастыктайт. Натыйжада, Абдималик Машрабов жетектеп турган мезгилдерде студенттерди кабыл алуу эбегейсиз чоң көрсөткүчкө жетип, жыл сайын жогорулап отуруп, 20 жылдын ичиндеги бүтүрүүчүлөрдүн саны 7500гө жеткен.

Натыйжада, мамлекетибизде Аймактарды өнүктүрүү саясаты акыркы 2-3 жылдын ичинде ашырылып жаткан болсо, Абдималик Амирович бул мамлекеттик деңгээлдеги саясатты мындан 25 жыл мурда аткарып койгондугуна ынанабыз. Атап айтканда, окуу жайдын ачылышы менен Абдималик Амировичтин жетекчилигинде анын гүлдөгөн окуу жайга айландырылышы - Кыргызстандын чек арага чектеш эң алыскы аймагы эсептелинген Сүлүктү, Лейлек жергесинде элдин кармалышына, ошол эле мезгилде, учурда мамлекетибиздеги негизги саясий маселелердин бири болгон чек арага чектеш алыскы аймактарды өнүктүрүү саясатын ишке ашыруучу, эбегейсиз зор маанидеги мамлекеттик деңгээлдеги көйгөйлүү маселелердин чечилишине шарт түзгөн десек жаңылышпайбыз.

Экономикалык жаатта алганда, өзгөчө Кыргыз-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



станда гана эмес, коңшулаш мамлекеттерде да экономикалык-саясий өткөөл мезгил катары эсептелинген 1996-2006-жылдардын аралыгында институттун жылдык кирешеси 8 млн 200миң сомду түзүп, окуу жай жыл сайын жергиликтүү бюджетке 742 840 сомду, соцфондго 800 200 сомду которуп турган.

А.А. Машрабовдун устаттык өнөрү жөнүндө анын шакирттери т.и.к. А.Д. Курбонов, ф-м. и.к.- Ж.О. Толубаев, ф.и.к. Ш.Ж. Эржигитова, бүгүнкү күндө Сүлүктү шаарынын билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалаган А.Ж. Исманов ж.б.лар Абдималик Амирович илим билимди эң биринчи максат деп эсептеп, устат катары ар бир жаш окутуучусуна камкор атадай үйрүлүп түшүп, аларды илим дүйнөсүнө үндөп, окуу жайдагы илимий чөйрөнү түзүүдө өзүнүн чыныгы жетекчилик жүзүн көрсөтө алгандыгын сыймыктануу менен айтышат.

Албетте, жогоруда келтирилген эскерүүлөр Абдималик Машрабовдун адамдык баалуулугунун бийиктигин, адамгерчилигин кабарлайт.

Мыкты илимпоз, кеменгер, көрөгөч жетекчи, улуу устат жана эң негизгиси нукура пакиза таза инсан, сүйүктүү агайыбыз Абдималик агай, бир гана БатМУнун Сүлүктү гуманитардык – экономикалык институту гана эмес, бүтүндөй Сүлүктү шаары, Лейлек жергеси Сизди жоготуп, өксүп турган мезгили. Сиздин кайталангыс жана орду толгус эмгеңиз ар бирибиздин жүрөгүбүздө жашайт. Сиз, ийилип, таазим этүүгө жана кусалык менен эскерүүгө татыктуу улуу инсансыз деген зээнибизди кейиткен, жүрөгүбүздү ооруткан сөздөр менен чакан изилдөөбүздү аяктамакчыбыз.

**Адабияттар:**


1. Машрабов А.А. Тууганчылык терминдерине ономосиологиялык илик [Текст] / А.А.Машрабов. - Б., 2017. - 106 б.
2. Мурзакулов К.Е. Кичипейил жетекчи жана илимпоз инсан [Текст] / К.Е. Мурзакулов. - Б., 2007. - 188 б.
3. Бердалиев А., Машрабов А. Основы общего языкознания. Учеб.пособие для студ. высш. учеб. заведений.[Текст] / А.Бердалиев, А.Машрабов. - Б.: Айат. 2018. – 160 с.
4. Канназарова Б.У., Абдиева А.М., Дооранов Н.А. Билим уялаган окуу жай.[Текст] / Б.У. Канназарова ж.б. – Б.: Айат. 2017. – 200 б.
5. Сулейменова Г.А. Особенности взаимодействия в системе «учитель - ребенок - родитель» в современных условиях. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2013. №. 4. С. 316-318.
6. Машрабов А.А. Певец Туяк и языко-поэтический анализ его песни «Исфайрам». Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 10. С. 11-14